| БЕКИТЕМИН | БЕКИТЕМИН |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары, Дене тарбия жана спорт департаментинин директору<br>____________ Абдымомунов А.Т.<br>«___» ____________ 2024-жыл. | Дене тарбия жана спорт департаментине караштуу Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясынын директору<br>____________ Эралиев У.Т.<br>«___» ____________ 2024-жыл. |
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>Республикалык "Көк бөрү" федерациясынын Президенти<br>____________ Джунусалиев Р.М.<br>**«___» ____________ 2024-жыл.** | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>Республикалык "Аргымак" федерациясынын Президенти<br>____________ Самаев У.О.<br>**«___» ____________ 2024-жыл.** |
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>Республикалык "Ат оюндары" федерациясынын Президенти<br>____________ Майдибашев У.Б.<br>**«___» ____________ 2024-жыл.** | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>Республикалык "Салбуурун" федерациясынын Президенти<br>____________ Жаманкулов А.К.<br>**«___» ____________ 2024-жыл.** |
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>Республикалык "Эр эңиш" федерациясынын Президенти<br>____________ Азыгалиев Н.А<br>**«___» ____________ 2024-жыл.** | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>Республикалык "Кыска аралыка ат чабыш" федерациясынын Президенти<br>____________ Ташболот у Н.<br>**«___» ____________ 2024-жыл.** |

# 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча "Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу" комплекстүү мелдештердин

# ЖОБОСУ

**Ысык-Көл, "Бактуу Долоноту" ат майданы**
**2024-жыл.**

# 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча “Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу” комплекстүү мелдештердин өткөрүү тартиби.

## МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Кыргыз Республикасынын Президентинин “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча “Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу” комплекстүү мелдештер төмөндөгү максаттарды жана милдеттерди көздөйт:**

- Спорттун улуттук түрлөрүн жайылтуу жана өнүктүрүү;
- Кыргыз Республиканын аймактарында жаштарды улуттук спорттун түрлөрүнө кызыктыруу жана шыктандыруу;
- Спорттун улуттук түрлөрүн эл аралык деңгээлге алып чыгууга жана өлкөбүздүн бардык аймактарында өркүндөп өсүшүнө шарт түзүү;
- Спортчулардын спорттук чеберчилигин жогорулатуу;
- Спорт - баңгиликке, аракечтикке, тамеки чегүүгө каршы, дени сак, сергек жашоо образын пропагандалоо;
- Эл арасындагы биримдикти, ынтымакты оюндарыбыз аркылуу бекемдөө жана чыңдоо.

## МЕЛДЕШТЕРДИ ӨТКӨРҮҮНҮН МӨӨНӨТҮ ЖАНА ОРДУ

**31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча “Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу” комплекстүү мелдештер 2024-жылдын 28-31-август күндөр аралыгында Ысык-Көл облустук “Бактуу Долоноту” ат майданында ушул жобого ылайык өткөрүлөт.**

**<u>At майданда мелдештер 5 спорттун түрүнөн өтөт.</u>**

**Алар:**

- ✓ **Көк бөрү**
- ✓ **Ат чабыш**
- ✓ **Эр эңиш**
- ✓ **Ат оюндары**
- ✓ **Салбуурун**

## МЕЛДЕШТИ ӨТКӨРҮҮ ЖЕТЕКЧИЛИГИ

- 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча “Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу” комплекстүү мелдештерди даярдоодо, уюштурууда жана өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты (мындан ары – Аппарат), Кыргыз

Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Дене тарбия жана спорт департаменти (мындан ары Департамент) жана Департаментке караштуу Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясы жетекчилик кылат (мындан нары – Дирекция).

- Мелдештерди өткөрүү спорттун улуттук түрлөрү боюнча башкы машыктыруучуларга, Дирекциянын директору тарабынан бекитилген башкы калыстарга жүктөлөт.

## КАТТООДОН ӨТҮҮ МӨӨНӨТҮ ЖАНА ТАРТИБИ

- 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча "Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу" комплекстүү мелдештерге алдын ала катыша турган спортчулардын жана командалардын аты-жөнү менен толук тизмеси берилет;

**<u>Командалардын каттоодон өтүү мөөнөтү жана тартиби:</u>**

- <u>Көк бөрү</u> боюнча командалардын келүү күнү 27-август, каттоодон өтүү жана чүчү улак тартуу күнү 27-август, саат 17:00дөн 19:00гө чейин;
- <u>Эр эңиш</u> боюнча командалардын, спортчулардын келүү күнү, мелдешке каттоо жана таразага тартуу 29-август саат 14:00дөн 17:00гө чейин;
- <u>Салбуурун</u> боюнча командалардын, спортчулардын келүү 29-август, каттоодон өтүү 30-август саат 9:00дөн саат 10:00гө чейин;
- <u>Ат чабыш боюнча</u> (тай чабыш, кунан чабыш, кыска аралыкка ат чабыш (1800м, 2000м), бышты жорго, топ байге жана жорго салыш) мелдешке катышуучулардын каттоодон өтүү күнү 30-август саат 10:00дөн 20:00гө чейин;
- <u>Аламан ат чабыш</u> боюнча каттоо 25-августтан 30-августка чейин жүргүзүлөт;
- <u>Ат оюндары</u> боюнча командалардын келүү, каттоодон өтүү күнү 30-август, саат 17:00дөн 19:00гө чейин.

  **Бардык спорттун түрлөрү боюнча каттоо "Бактуу Долоноту" ат майданында жүргүзүлөт.**

## МЕЛДЕШТИН КАТЫШУУЧУЛАРЫ

31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча "Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу" комплекстүү мелдештерге Кыргыз Республикасынын бардык аймактарынын жана Ош, Бишкек шаарларынын командалары жана чет элден келген курама командалар (же жеке спортчулар) ушул жобого ылайык катыша алат.

- Оюндарга катышуу үчүн ар бир спортчунун сан белгилери жазылган спорттук формасы болуусу тийиш, эгерде ал эреже сакталбаса команда оюнга киргизилбейт.
- Мелдешке катыша турган спортчунун паспорту, медициналык аныктамасы болуусу шарт, эгерде алар жок болсо, ага оюнга кирүүгө уруксат берилбейт;
- Мелдешке катышкан ар бир атка мелдештерге катышууга уруксат берилген мал доктурдун маалымдамасы калыстар тобуна тапшырылышы керек;
- Катышуучунун аты-жөнү, туулган жылы, спорттук даражасы, машыктыруучу-саяпкери, аттын ээси, аттын жашы, өңү-түсү, тукуму, аттын аты көрсөтүлгөн, бир

сүрөтү тиркелген табыштамалары, ошондой эле ал ат ошол ээсине тийиштүү экени тууралуу айыл өкмөтүнөн алынган маалымдама калыстар тобуна тапшырылышы керек.

## МЕЛДЕШТИ СЫЙЛООНУН ТАРТИБИ

- 1-2-3-орундарды спортчуларга же командаларга Дирекция жана демөөрчүлөр тарабынан даярдалган 1-2-3-даражадагы дипломдор, медалдар жана баалуу сыйлыктар ыйгарылат.
- Республикалык бюджеттен Дирекцияга бөлүнгөн акчалай байге фонду жеңүүчүлөрдүн жеке эсебине же болбосо мелдештерге тиешелүү Дирекциянын жооптуу машыктыруучулардын жеке эсебине которулат.
- Акчалай байге фонду Кыргыз Республикасынын Салык Кодексине ылайык, 10% кармалып которулат.
- Байге фонду мелдештердин башталышына чейин Дирекциянын кызматкерлери жана машыктыруучулары аркылуу бөлүштүрүлүп директор тарабынан бекитилет.
- Демөөрчүлөр жана меценаттар тарабынан берилген акча каражаттарына Дирекциянын тиешеси жок.
- Дирекциянын мелдешке жооптуу машыктыруучулары жеңүүчүлөрдүн байгесин мелдештин протоколунун негизинде жеңгендигин тастыктоочу бардык тиешелүү документтерин (сертификат жана паспортторунун копияларын) камсыздап берет, Дирекциянын эсепчилери акчалай сыйлыктарды жеңүүчүлөргө таратып берүүгө милдеттүү.
- Дирекциянын машыктыруучулары мелдеш бүткөндөн кийин 5 күндүн ичинде тиешелүү кураторлорго жана Дирекциянын эсеп-кысап бөлүмүнө отчет тапшырат.

Отчеттор төмөндөгүдөй тапшырылышы керек:

1. Мелдештин протоколу;
2. Жеңүүчүлөрдүн байге фондунун таратылыш боюнча ведомосту;
3. Жеңүүчүлөрдүн паспорт копиялары жана сертификаттын оригиналы;
4. Мелдештин жалпы отчету.

## МЕЛДЕШТИ ӨТКӨРҮҮНҮН ЖАНА АЛАРДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫН ЧЫГАРУУНУН ШАРТТАРЫ

31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, ат оюндары жана салбуурун боюнча "Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу" комплекстүү мелдештер Дирекция жана тийиштүү эл аралык, республикалык федерациялар тарабынан бекитилген эрежелерге ылайык өткөрүлөт.

## КӨК БӨРҮ

Мелдештер клубтар арасында өткөрүлөт. Ага көк-бөрү командалар катыша алат. Мелдештер Дирекция тарабынан бекитилген башкы калыс жетектеген калыстардын көзөмөлүндө өтөт. Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу Республикалык көк бөрү федерациясы тарабынан бекитилген эрежелерге ылайык өткөрүлөт. Ар бир оюндун башталарына 20 минут эрте аттар текшерүүдөн өтүшөт. Мелдештер 28-августтан башталат.

Жарым финалга чейинки беттештер 30-августка чейин болуп өтүп, 31-август байгелүү орундар үчүн оюндар болот.

Команданын курамы – 17 киши (1- машыктыруучу, 1- жетекчи, 3-атчы, 12-оюнчу). Жеңгендерге – 3 упай, жеңилгендерге – 0 упай берилет. Кошумча убакыт ичинде жеңген командага – 2 упай жеңилгени – 1 упай, буллит менен жеңилген командага 2 упай, жеңилгени – 1 упай. Алтын салым (кошумча убакта биринчи салым кылган команда жеңүүчү аталат) – 2 упай. Көк-Бөрү оюну боюнча бардык оюндар топ топ болуп айлампа түрүндө өтөт.

## АТ ЧАБЫШ

Ат чабыш (Аламан)

Ат чабышка (Аламан) каалаган катышуучу күлүгүн чаба алат. Ат чабыш 25 000 метрге чабылат. Мелдешке Кыргызстанда өстүрүлгөн күлүктөрдүн баардык пародалары катышат. Чабандестердин жашы 12 жаштан жогору болушу керек жана милдеттүү түрдө каска, тебетей кийүүсү шарт. Мелдештерге 3 жаштан жогорку бардык тукумдагы аттар катыша алат.

Кунан чабыш

Мелдештин катышуучуларын чабышка чейин калыстар коллегиясыны аттардын тишин карап жаш курагын аныктайт. Кунандар 12 000 метрге чабылат. Чабандестердин жашы 12 жаштан жогору болушу керек жана милдеттүү түрдө каска, тебетей кийүүсү шарт. Мелдешке 2 жаштагы жылкылар чабылат.

Жорго салыш

Жорго салыш мелдеши 11 000 метр аралыкта өтөт. Жорголор аралыкты башынан аягына чейин бир калыпта, жоргосунан танбай өтүүсү керек. Эгерде жорго үч жолу кыска, же бир жолу алыска чаап кетсе жана 12 жолу жоргосунан танса, жаңылды деп эсептелинет.

Топ байге

Топ байге мелдеши 16 000 метр аралыкта өтөт. Мелдешке 3 жаштан жогору бардык түдөгү жылкылар чабылат. Чабандестердин жашы 12 жаштан жогору болушу керек жана милдеттүү түрдө каска, тебетей кийүүсү шарт.

## КЫСКА АРАЛЫККА АТ ЧАБЫШ ЖАНА СТИПЛЬ-ЧЕЗ

Кыска аралыкка ат чабыш жана стипль-чез

Кыска аралыкка ат чабыштын 3 түрү кирет:

- 2 жаш – 1600 метр;
- 3 жаш – 2000 метр;
- 4 жаш жана андан жогоркулары – 2400 метр.

## ЭР ЭҢИШ

Эр эңиш боюнча мелдеш “Ат үстүндөгү күрөш” эл аралык федерациясы тарабынан бекитилген эрежелерге ылайык өткөрүлөт.

**Салмак даражалары:** мелдеш 6 салмактык категорияда өтөт: 60кг, 70кг, 80кг, 90кг, 100кг +100кг.

**Эскертүү:** Ашыкча салмак уруксат берилбейт.

Команданын курамы - 8 киши. (6 спортчу, 1 машыктыруучу, 1 калыс).

## АТ ОЮНДАРЫ

Мелдештин программасы төмөнкү иш чаралардын түрүнөн түзүлөт:

1. Кыз куумай;
2. Тыйын энмей;
3. Жигит өнөрү;
4. Эр сайыш.

**Кыз куумай**

Ар бир командадан бир жигит жана бир кыз катышат. Оюндун башында чучукулак кармалат жана ошо аркылуу кайсы команданын өкүл жигити кайсы команданын өкүл кызы менен ат чабышка катышаары аныкталат. (таймашуу жолу)

Биринчи бөлүмдө кыз жигиттен 10 метр алдыда турат. Таймаш узундугу 300 метр жана туурасы 15 метрдей түз жерде өткөрүлөт. Калыс баштоого ышкырык менен белги берет, ошондон баштап жигит кызды кууп жөнөйт, кыз качат. Жигиттин негизги максаты атты чаап марага чейин кызга жетүү, жигит кызга жеткенде башындагы калпагын чечип, колуна кармап кыздын далысына тийгизет. Андан соң экинчи бөлүм башталат. Экинчи бөлүмдө катышуучулар орун алмашышат да, жигит кыздан 5 мертдей алдыда туруп, ат чабыш тескерисинче уланат, кыз жигитти кубалайт. Кыздын негизги максаты, жигитти кубалап жетип, камчы менен жигитти жонго бир чабат. Бул таймашта катышуучулардын ылдамдыгы, эки бөлүмдөн өтүлгөн жалпы мөөнөт жана мыкты аракеттердин саны бааланат.

Кыз куумайдын көргөзмө ирээтиндеги таймаш.

Ар бир командадан 1 кыз жана 1 жигит чыгып өздөрүнүн ат үстүндөгү чеберчилигин кыз куумай ирээтинде көргөзүшөт.

**Тыйын энмей**

Ар бир командадан төрттөн жигит катышат. Таймаш узундугу 100 метр туурасы 15 метрдей жарыш жолунда өткөрүлөт. Ар бир катышуучуга 2 жолу тыйын энүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

Жарыш жолунун ортосуна 50 метрдик аралыкта старттан башталган туурасынан чийилген чийиндер болот, ичине биринчи айлампада 4 даана тыйын жайгашат, экинчи айлампада дагы 4 тыйын ташталат. Ар бир катышуучунун негизги максаты атты чаап баратып жерден тыйынды эңип алып, асманга ыргытышы зарыл, андан соң атын чапкан бойдон 50 метрдей аралык менен чектелген жарыш жолунун ортосунан баштап финишке чейинки марага жетип токтойт жана командалаштары келип бүткөн соң экинчи айлампага тыйынды эңүүгө атын чабат. Ал эми атты жай бастырып баратып эңилген тыйын эсепке алынбайт. Мелдештин жеңүүчүлөрү эңип алган тыйындын саны жана өтүлгөн аралыктын мөөнөтү эсептелип аныкталат. Тыйын энмей көргөзмө ирээтиндеги таймаш.

**Ат үстүндө жигит өнөрү (Жигитовка)**

Ат үстүндө жигит өнөрүндө командалар көрсөтүлгөн программадагы өнөрлөрдү ат үстүндө көрсөтө алышат. Таймаш узундугу 200 метр туурасы 15 метр болгон жарыш жолунда өткөрүлөт. 3. Ат үстүндө жигит өнөрү таймашында команда толугу менен катыша. Команданын мүчөлөрү аттын үстүндө программага ылайык ат үстүндө жигит өнөрүнүн элементтерин жарыш жолунун башынан аягына чейинки аралыкта жана артка карай көрсөтө алышат. Команда үчүн өнөрлөрүн көрсөтүүдө мөөнөт чектелет.

Бул таймашта калыстар тобу элементтердин татаалдыгын, жогорку деңгээлде аткарылуусун жана кайталанышынын саны боюнча баалап, упай беришет. Ат үстүндө жигит өнөрү көргөзмө ирээтиндеги таймаш.

**Эр сайыш**

Бир командадан оюнга экөө чыгып көргөзмө оюн көргөзөт, аралыгы 100 метр болгон оюн талаасынын эки башында туруп калыстын ышкырыгы менен башталат. Катышуучулар эрөөлдө 3 жолу же андан аз беттешүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Колдорундагы калкан, найза жыгачтан же желимден денеге зыяндуулугу жок болуусу керек.

## САЛБУУРУН

Мелдештин программасы Салбуурундун төмөнкү түрлөрүнөн өтөт:

1. Эркектер арасында жөө туруп жаа атуу;
2. Кыз-келиндер арасында жөө туруп жаа атуу;
3. Ат үстүндө жаа атуу;
4. Табак атуу;
5. Бүркүт салуу;
6. Далба ойнотуу;
7. Тайган жарыш;
8. Куш салуу;

**Салбуурун оюну боюнча "Салттуу жаа атуу"**

Мелдеш эркектер жана кыз-келиндер арсында "Алтай" (кыргыз) эрежесине ылайык өткөрүлөт. Бул мелдешке катышкан жаачылар өздөрүнүн жаасын, жебесин алып келүүгө тийиш. Жаачылар алдын ала берилген тастыктама аркылуу кабыл алынат. Ар бир жаачынын өздүгүн тастыктоочу паспорту жана копиясы, саламаттыгы тууралуу медициналык аныктамасы болушу шарт.

**Эркектер арасында жаа атуу.**

Бул мелдеште эркектер алгачкы тандоо бөлүгүндө 35 метрден, ал эми финалдык атуу 40 метр аралыктагы теке бутаны атып мелдешет, жеңүүчүлөр топтогон упайларына жараша аныкталат.

**Эркектер арасында жаа атуу мелдешинин катышуучуларына коюлган талаптар:**

- Жаачылардын октору жыгачтан болушу керек;
- Жаанын сабына чийип алып же болбосо жиптен ороп белги (метка) салганга болбойт;
- Катышуучунун артына туруп алып жандооч, айтып турууга болбойт;
- Калыстар менен кайым айтышууга болбойт;
- Спортчу же анын машыктыруучусу калыстарга тоскоолдук же карышылык көрсөткөн учурда упайларын кемитүү жолу менен жазаланат;
- Эгерде спортчу бир нече жолу (3 жолу) эреже бузса мелдештен четтетилет;
- Катышуучу (жаачы) калыстык кылууга мүмкүн эмес.

**Кыз-келиндер арасында жаа атуу.**

Бул мелдеште катышуучулар алгачкы тандоо бөлүгүндө 35 метрден, ал эми финалдык бөлүгүндө 40 метр аралыктагы теке бутаны атып мелдешет, жеңүүчүлөр топтогон упайларына жараша аныкталат.

**Кыз-келиндер арасында жаа атуу мелдешинин катышуучуларына коюлган талаптар:**

- Жаачылардын octopy жыгачтан болушу керек;
- Жаанын сабына чийип алып же болбосо жиптен ороп белги (метка) салганга болбойт;
- Катышуучунун артына туруп алып жандооч, айтып туруга болбойт;
- Калыстар менен кайым айтышууга болбойт;
- Спортчу же анын машыктыруучусу калыстарга тоскоолдук же карышылык көрсөткөн учурда упайларын кемитүү жолу менен жазаланат;
- Эгерде спортчу бир нече жолу (3 жолу) эреже бузса мелдештен четтетилет;
- Катышуучу (жаачы) калыстык кылууга мүмкүн эмес.

**Ат үстүндө жаа атуу.**

Бул сынакта жаачылар ат үстүндө мелдешишет, эрежеге ылайык жаачылар атты токтопой чаап бара жатып атайын аянттын капталына орнотулган үч бутаны атып өтүшү керек.

Жаа атуу аянттынын узундугу 120 метр, туурасы 10-15 метрди түзөт. Ал аянтка 100x100 см көлөмүндөгү 3 теке бута орнотулат.

1-бута бет маңдайынан орнотулат.

2- бута маңдайынан жерде орнотулат.

3- бута артка кайрылып атканга ылайыкталып жерде орнотулат.

Ар бир бутага жазылган упайлар 1,2,3 деген сандарды түзөт.

Аянттын каптал жагына орнотулган теке буталардын аралыгы 30 метр болушу керек. Бул көнүгүү төмөндөгү эреже менен өткөрүлөт:

Атчан жаачы баштан-аяк улуттук үлгүдөгү кийимдери менен болушу керек,

Атчан жаачы 3 теке бутаны ат менен чаап бара жатып токтотпой атып өтүшү керек,

Бул жерде жаачынын белгиленген аралыкты чаап өткөн убактысы жана аткан жебелеринин бутага тийиши эсептелинет.

Ар бир катышуучуга 5 жолудан чаап өтүүгө мүкүнчүлүк берилет. Ар бир жолу өткөн сайын 3 бутаны атууга үлгүрүшү талап этилет.

Атчан жаачы атты чаап бара жатып буталарды атканда, жаанын окторун саадактан (калчандан) алып чыгышы керек, оозуна тиштеп же колдоруна кармоого уруксат берилбейт.

Жаалар ар кандай салтуу үлгүдө болот (разные традиционные луки), жебелери жыгачтан болот, көлөмүнө чек коюлбайт.

Женүүчүлөр 5 атуудан топтогон упайлары боюнча аныкталат.

Окту старт бериле электе октоого тыйуу салынат.

Кокус ат тилкени кесип туура эмес багыт менен жүгүрсө, четке чыгып, же болбосо бутанын жанынан өтүп жүгүрсө эсептелинбейт, андай учурда катышуучуга кошумча мүмкүнчүлүк берилет.

Жаачы буталарды атпай өтсө 1 упай кемитилет.

**Табак атуу**

Жаачылар 15 метр аралыктан ыргытылган табакты 5 жебе менен атышат. Жебенин табака тийишине жараша упай берилет.

- Табака толук сайылса 2 упай;
- табака тийип өтсө 1 упай;
- табака тийбесе упай берилбейт.

Женүүчүлөр топтогон упайларына жараша аныкталат.

Мелдеш тандоо, жарым финал жана финалдык бөлүктөрдөн турат.

**Табак атуу мелдешинин катышуучуларына коюлган талаптар жана жалпы эрежелери:**

- Жаачы синтетикалык, жыгач, карбон окторду колдонсо болот;
- Табак өйдө ыргытыла электе жааны чойуп турууга болбойт, бирок жаачы окту киричке салып даярданып турушу туура деп эсептелинет;
- Табак туура эмес ыргытылса, жаачы атпай койууга уруксат берилет, бирок эки гана жолу, катышуучуга ыңгайсыз абал түзүлсө, калыска кайрылуусу керек;

**Бүркүт салуу**
"Салбуурун" оюнун эрежеси боюнча катышуучулар бүркүттөрдү эки көнүгүү боюнча сыналат.
Биринчиси - Чырга, экинчиси - Үндөк.

- **Чырга** - бул көнүгүүдө ар бир катышуучу бүркүтүн "Чыргага" учуруп сынайт. Мелдештин шарты боюнча бүркүтчү сүйрөлүп бараткан чыргага бүркүтүн агытат. 150 метр аралыкта белгиленген 2 желек ортосундагы аралыкты учуп өтүү убактысы өлчөнөт. Бүл көнүгүүдө бүркүттүн учуу чеберчилиги аныкталат. Эрежеге ылайык бүркүтчү чыргага бүркүттү бир эле жолу учура алат.

- **Үндөк** - бул көнүгүүдө мелдештин катышуучулары бүркүттөрдү 200 метр аралыктан туруп колго чакырып үндөшөт. Калыстын белгиси боюнча бүркүтчү жогорудагы көрсөтүлгөн аралыкта жерге кондурулган бүркүтүн колундагы жемди (этти) көрсөтүп үндөккө чакырат. Эреже боюнча бүркүттүн жерден көтөрүлүп ээсинин колуна учуп келүү убакытысы эсептелинет, эгерде ээсинин колуна конбой учуп кетсе ал жаратылбайт. Ар бир катышуучу үндөктү жөө туруп же ат үстүндө аткарса болот, бирок ар бир катышуучуга бир эле жолу үндөккө чакырууга мүмкүнчүлүк берилет.

  Бүркүт салуу боюнча жеңүүчүлөр "Үндөк" жана "Чыргадан" топтогон упайлары боюнча аныкталат.

  **Бүркүт салуу боюнча катышуучуларга коюлган талаптар:**
  Ар бир катышуучунун улуттук кийимдери жана бүркүтчүлөргө тиешелүү шаймандары толугу менен болушу керек.
  Бүркүттүн паспорту болушу керек.

**Далба ойнотуу**
**Далба** – бул мелдештин түрүндө "Шумкар" түркүмүндөгү куштардын учуу ылдамдыгы сыналат. Эреже боюнча катышуучу ортого аянтка чыгып, кушун өйдө учурат, андан соң жем баштыгынан жипке байланган далбаны алып чыгып аны айлантып кушун чакыра баштайт. Ошол мезгилде асманда тегеренип учуп жүргөн куш, ээси айлантып жаткан далбага учуп келип чабуул жасайт. Далба ойнотууда ар бир катышуучуга 3 минута убакыт берилет, убакытты ченөө куш агытылган мезгилден башталат. Бул убакыттын ичинде куш абадан учуп келип далбаны тээп кетүүгө аракет кылат, бирок куштун ээси далбаны тегеретип кушка тептирбеш керек. Эреже боюнча "Далба" кекилик кыргоол же көгүчкөндүн куйрук жана канатынан жасалышы керек. Далба ойнотуу учурунда калыстар куштун канча жолу далбага учуп келгени жана шамдагай учканы бааланып упайлар берилет. Бул сынакта жеңүүчүлөр куштарынын топтогон упайына жараша аныкталат.
**Далбага чакыруу** – Белгиленген 400 м аралыкка далбага чакыруу, бул көнүгүүдө катышучуу далбаны айландырып ителгисин чакырат, ителги учкандан баштап далбага жеткенче убакытты ченелет.
**Далба мелдешинин катышуучуларына коюлган талаптар:**

- Катышуучулар сөзсүз түрдө улуттук кийим менен чыгышы керек жана кушчунун шаймандары толугу менен болушу талап этилет.
- Куштун паспорту болушу керек.

**Тайган жарыш.**

- Бул мелдештин түрүндө тайгандардын күлүктүгү 350м аралыкта чырга кууп аныкталат. Атайын тайгандар кууп жүгүрүш үчүн чабендес атты саатына 60-65 км. ылдамдыкта жүгүртүп түлкүнүн же коёндун терисинен жасалган чырганы сүйрөйт. Же болбосо ушундай эле ылдамдыкта чырга сүйрөгөн атайын механизм колдонулат.
- Тайгандарды жарыштырууда, ар бир тайганга номер байланып, ар бир жарышта 5 тен тайган койо берилет. Тайгандардын күлүктүгүн сыноодо баштапкы, жарым финал, финалдык жарышуу менен белгиленет.
- Жарышуу учурунда кайсыл тайган башка тайганга жолтоо болуп тиштесе ал тайган жарышуудан чыгарылат да, жарыш кайрадан улантылат.

**Тайган жарыштын катышуучуларына коюлган талаптар:**

- Вакцинациядан өткөн сертификат жана тайгандын паспорту.
- Ар бир катышуучу тайганга тагылуучу номер алардын алдында өздүк паспортун калыска тапшырат, мелдеш бүткөндөн кийин номерди тапшырып туруп паспортун кайра өзүнө кайтарып алат.
- Мелдешке кыргыз тайганынын жогорку тукумдуулугуна (высокопордность) туура келген тайгандар койо берилет, эгерде үтүрөгөй, тазы чалыш тукумда болсо анда мелешке катышуу укугунан ажырайт.

**Куш салуу**

- Бул мелдештин эрежеси боюнча 400 метр аралыкта кушту колго чакыруу убактысы өлчөнөт. Калыстын белгиси боюнча кушчу жогорудагы көрсөтүлгөн аралыкта жерге кондурулган кушун колундагы жемди (этти) көрсөтүп үндөккө чакырат. Куш учкандан баштап кушчунун колуна конгонго чейинки убакыт өлчөнөт. Кушчунун үндөкө чакырганынан баштап куштун учушуна чейин 2 мүнөт убакыт берилет.
- **Куш салуу боюнча катышуучуларга коюлган талаптар:**
- • Ар бир катышуучунун улуттук кийимдери жана кушчуларга тиешелүү шаймандары толугу менен болушу керек.
- • Куштун паспорту болушу керек.
-

## УЮШТУРУУ ЖАНА КАРЖЫЛОО ШАРТТАРЫ

**31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдык маарекесине карата улуттук спорттун түрлөрү көк бөрү, ат чабыш, эр эниш, ат оюндары жана салбуурун боюнча “Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу” комплекстүү мелдештерди өткөрүүдөгү чыгымдарды каржылоо, иштерди бөлүштүрүү тартиби:**

Дирекция мелдештерди өткөрүүдө төмөндөгүлөргө жооптуу:

- Женүүчүлөргө медаль жана дипломдорду даярдоо;
- Иш чараны баннерлер менен камсыздоо;
- Көк бөрү оюнун улактар менен камсыздоо;
- Мелдештердин калыстарынын жатакана, тамак-ашын камсыздоо;
- Мелдештин ачылыш-жабылыш жана сыйлоо аземин уюштуруу;
- Бейджиктерди даярдоо;
- Акчалай байгелерди жана сыйлыктарды тапшыруу;
- Мелдештерди жалпы көзөмөлдөө.

Бактуу Долоноту ат майданы мелдештерди өткөрүүдө төмөндөгүлөргө жооптуу:

- Көк бөрү ойнолуучу аянтты мелдештерге карата даярдоо, (апилка төгүү ж.б.у.с.);
- Водовоз менен суу чачып туруу;
- Ат майдандын чуркоо аянтын аттарга зыян берүүчү таштардан тазалоо;
- Мелдештер убагында коопсуздук шарттарды түзүү;
- Мелдештерди медициналык тез жардам менен камсыздоо;

Республикалык федерациялар төмөндөгүлөргө жооптуу:

- Ойнолуучу аянтты мелдештерге карата даярдоо (апилка төгүү, чийиндерди чийүү, желектерди илүү ж.б.);
- Калыстардын оюн алып баруусун көзөмөлдөө;
- Мелдештерди комментаторлор менен камсыздоо жана аларга шарт түзүү.

**Эскертүү: Мелдештерге катышуучулардын жана машыктыруучулардын жол кире чыгымдарын, жолдо катар тамак-ашын, аттардын жол киресин, жем чөбүн жана кармоочу жайын, спортчулардын жатаканасын, тамак-ашын иш-сапарга жөнөткөн уюмдар же командалар (спортчулар) өздөрү каржылайт.**

**Дирекция күтүлбөгөн кырсыктарга, аттардын өлүмүнө жана спортчулар жаракат алса жоопкерчилигин өзүнө албайт!**

**Табыштамаларды төмөнкү даректерге жиберсе болот:**

- Бишкек шаары, Тоголок-Молдо көчөсү, 17

*Спорттун улуттук түрлөрү боюнча Дирекциясы*

Элетрондрук дарек: rsrnvs_kg@mail.ru

Сурап билүү телефондору:

Тел: (312) 32-53-14

Факс: (312) 32-53-13

**Жобо боюнча суроолор же кайрылуулар үчүн байланыш:**

Дирекциянын директорунун орун басары Нурчоро уулу Женишбек – 0(700) 894-942

## Спорттун түрлөрү боюнча жооптулардын байланыш телефондору:

| № | Спорттун түрү | Аты жөнү | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|
| 1 | Көк-Бөрү | Кубатов Каныбек | 0709 98-68-63 |
| 2 | Салбуурун | Молдакунов Нурлан | 0700 144-869 |
| 3 | Ат чабыш | Шүкүров Бакай | 0709 50-54-90 |
| 4 | Ат оюндары | Батырбек уулу Максат | 0706 37-42-42 |
| 5 | Эр эңиш | Турдубаев Нурлан | 0700 88-69-88 |